**“Айгине” маданий-изилдөө борбору тарабынан даярдалган “Кыргызстандын бейзаттык маданий мурастарынын Улуттук тизмесине”**

**Пикир**

Кыргыздар кылымдар бою көчмөн жана жарым көчмөн турмушта жашаган. Бул чарбалык-маданий тип XIX к. аягы – XX к. башына чейин сакталып турган. Жалпы маданият, анын ичинде каада-салттар, үрп-адаттар жана ырым-жырымдар чарбанын аталган тибине жана ага ылайык келген заттык маданияттын, коомдук түзүлүш менен мамилелердин деңгээлине жараша калыптанган. XX к. чарбалык, социалдык жана маданий өзгөрүүлөр, Коммунисттик партиянын идеологиясы, ааламдашуу жараяны кылымдарды карыткан каада-салттарга, үрп-адаттарга, элдик билимдерге таасирин тийгизди: айрымдары турмуштан сүрүлдү, айрымдары түрүн өзгөрттү, б. а. жаңы шартка ыңгайлашты, жаңылары пайда болду. Бир жагынан алганда, мезгилдин өтүшү жана жаңы шарттардын жаралышы менен алардын өзгөрүп, унутулуп, жаңыларынын пайда болуп турушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бирок, айрым каада-салттар, үрп-адаттар жалпы коомду социалисттик багытта өзгөртүү мезгилинде негизсиз идеологиялык кысымга кабылганын да билебиз. Ошентсе да, улуттук маданияттын уңгусу, өзөгү болгон кылымдар бою элдин эл болушун, бөтөнчөлүгүн, иденттүүлүгүн камсыз кылып келген көптөгөн каада-салттар менен үрп-адаттар азыр да өз руханий вазийпасын аткарып жатканына күбөбүз.

Азыркы идеологиянын өзөгү катары өз каада-салттарыбызга басым жасалып жатканы да бекеринен эмес. Ошондуктан байыртан келаткан каада-салттарыбыздын алгылыктуу үлгүлөрүн сактап, жаңы мазмун менен байытып, өнүктүрүү мезгил талабы. Бул жагынан алганда “Айгине” маданий изилдөө борбору тарабынан түзүлгөн “Кыргызстандын бейзаттык маданий мурастарынын Улуттук тизмеси” бүгүнкү күн үчүн зарыл, ар тараптуу колдоого арзый турган иш.

“Улуттук тизмеде” кыргыздардын чарбалык, коомдук, үй-бүлөлүк жана жеке мамилелерди, адам менен жаратылыштын ортосундагы ымаланы жөнгө салуучу каадалар, салттар, ырым-жырымдар, элдик билимдер жыйналган, аларга аныктама берилип, өткөрүлүү тартиби жана шарты баяндалып, бүгүнкү абалы такталган. Алардын айрымдары ЮНЕСКОнун дүйнөлүк маданий мурастарынын тизмесине катталган, айрымдарын каттатуу аракети жүрүп жатат. Бул алардын баалуулугун арттыраары, дүйнөлүк коомчулуктун кызыгуусун жаратары шексиз. Канткен күндө да, алар, ириде, өзүбүз үчүн, биздин улуттун келечеги үчүн зарыл. Аларды келечек муундар колдонуп, уланып турушу үчүн улуттук масштабдагы иш-чаралар керек. Ошонун бири – алдыда жарыялана турган ушул “Тизме”. Кайталап айтсак, ал ар тараптуу колдоого алынууга тийиш.

“Тизме”, жогоруда айтылгандай, кыргыз коомунун ар кыл чөйрөсүн камтыган каада-салттардан, үрп-адаттардан, ырым-жырымдардан турат. Алардын аталышы, качан, кандай шартта, кандай максат менен, ким тарабынан, кайсыл аймакта колдонулуп келгени так, даана баяндалган. Бүгүнкү абалы “жандуу”, “унутулган”, “орто”, “жоголуу коркунчунда” деген баалоолор менен аныкталган. Аларды сактоого карата иштердин жүргүзүлүп же жүргүзүлбөй жатканы да көрсөтүлгөн. Булар када-салттарды ар кыл чөйрөгө ажыратып берүү менен катар аны колдонууну жеңилдетет. Аларды чогултууда, иреттөөдө, аныктама берип, колдонуу шарттарын баяндап берүүдө зор жумуш аткарылгандыгы көрүнүп турат. Кыска, так жана түшүнүктүү баяндалган.

**Айрым мүчүлүштүктөр жана сунуштар:** көчүү каада-салтында “өрүлүктөө”, “үлүш” салттары кирбей калган. “Унутулган” деген айрым ырым-жырымдар түрүн өзгөртүп жашап жатканы белгилүү. Мисалы, “жыртыш”. Мурдагыдай материалды бөлүп бермей жок, бирок базардан даяр жүз аарчыларды сатып келип, таратып жүрүшөт. Ошондой эле, айрым райондордо турмушка чыгып жаткан кыздардын белин таңуу азыр да кезигет. “Кызга

тартуу” да азыр батир же машина ыйгаруу түрүндө кезигип жүрөт ж.б. Аза каадасында да “ак кийди” салты унутула элек аймактар бар.

Стилистика жагынан айрым кемчиликтер кезигет.

“Элдик тыюулар” менен “Жоокерчилик жол-жоболорду” жаңы изилдөөлөрдүн негизинде толуктоо зарыл.

Биздин көз карашыбызда айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен бул “Тизмени” сунуштоого болот.

**Ж.Баласагын атындагы КУУнун**
**археология, этнология, булактаануу жана**
**тарыхнаама кафедрасынын доценти, т.и.к.** **Эралиев С.Н.**